Кыргыз Республикасынын

Билим берүү жана илим

министрлигине

М.М. Кадыровадан

**А Р Ы З**

Туйту Каракеев атындагы орто мектеби___________

Программалык аккредитациядан өткөрүүнү суранат.______________________________

Уюштуруучулук-укуктук формасы:мекеме

Менчик формасы: аралаш

Юридикалык дареги: Кош-Коргон айылындагы Туйту Каракеев атындагы орто мектеби

Жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы,Чүй областы,Чүй району,

Кош-Коргон айылы Каракеев көчөсү., 24.

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери(СИН): 03105200610041

Юридикалык жакты каттоо(кайрадан каттоо) датасы:2021-ж.4-май

Программалык аккредитациялоо үчүн

билим берүү программалары: негизги жалпы,орто жалпы.

Билим берүү уюмунун жетекчисинин телефон номери: 0708709086

Билим берүү уюмунун

электрондук почтасынын дареги: tkarakeev@gmail.com

Тиркелет:Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет _23_ бет

2021жылдын «11»ноябрь

М.О. _____________ __Кадырова М.М.__

(кол тамга) (аты-жөнү)

БЕКИТИЛДИ

2021 жылдын «_6_»_октябрь________

№_105_________буйругу  менен

# Өзүн-өзү баало боюнча отчет

Туйту Каракеев атындагы орто мектеби (билим берүү уюмунун толук аталышы)

**ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО**

**1.Киришүү**

| | |
|---|---|
| 1.1Аккредитациялануучу программалардын тизмеси | Жалпы башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүү программалары |
| 1.2 Аккредитацияланууучу билим берүү программасы боюнча кыскача маалымат | Туйту Каракеев атындагы орто мектеп Мектеп билим берүү процессин жалпы негизги программаларынын деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзөт:<br>- жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 4 жыл);<br>- жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 5 жыл);<br>- жалпы орто билим берүү ( окутуунун ченемдик мөөнөтү – 2 жыл);<br>- даярдоо класстарына 480 сааттык «Наристе» программасы<br>окутулат;<br>-мектептеп алдында 3 сааттык «Балалык» программасы менен балдар бакчасы бар; |
| 1.3 Билим берүү уюмунун миссиясы: | «Мектеп окуучунун жекече мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, билимди ар бир окуучу үчүн мүмкүн болушунча сапаттуу деңгээлде алууну камсыз кылат.Окуучулардын, ата-энелердин, коомдун, жана мамлекеттин билимге болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн баланын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, турмуштагы ордун табууга көмөктөшөт.» |
| 1.4 Билим берүү уюмундагы жетекчинин аты-жөнү жана байланыш маалыматтары. | Кадырова Махабат Маршалбековна<br>Байланыш телефону: 0708709086 |
| 1.5 Билим уюмунун буга чейинки аккредитация жөнүндө маалымат. | Аккредитациядан 2017-2018- окуу жылында өткөн. |
| Мектептин дареги: | Кыргыз Республикасы,<br>Чүй областы,Чүй району,<br>Кош-Коргон айылы Каракеев көчөсү.,24.<br>Электрондук дареги:<br>tkarakeev@gmail.com<br>Веб сайт:<br>https://karakeev.mektebim.kg/ru/o-nas/ |

## 1. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| | **Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер** | **Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары** | **Тастыктоочу база** |
|---|---|---|---|
| **1.БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын,базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Туйту Каракеев атындагы орто мектебинин окуу планы КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1 » Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2020/2021- окуу жылы үчүн базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө» буйругунун, базистик окуу планына Түшүндүрмө катты эске алып түзүлгөн.2020-2021-окуу жылындагы мектеп компоненти кызыкдар тараптардын сунушу менен 5-классында 1саат информатика, 8- классында 1 саат информатика сабагы берилген.Мектептин планы, предметтер боюнча окуу программалары, календарлык-тематикалык пландар усулдук бирикмелерде каралып макулдашылып, №1 педкеңешменин чечими менен директор тарабынан бекитилген.<br>Предметтик календардык-тематикалык пландар КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21- июлундагы № 403,2018-жылдын 7-декабрындагы №573 токтомдорунун редакциялары, КР Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык, КР БбИМнин жалпы билим берүүчү талаптарына жана кызыкдар программаларынын тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. | 1.1.1 2020-2021-окуу жылына мектептин Базистик окуу планы.<br>1.1.2 №1 педагогикалык кеңештин токтомунан көчүрмө 28- август 2020-жыл.<br>1.1.3 Мектеп компоненти боюнча информатика предметинин 5, 8-класстарындагы календарлык – тематикалык планы (мугалим иштеп чыккан).<br>1.1.4 Мектеп компонентин тандоо боюнча анкета |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрдүн ылайык келүүсү | Мектептин окуу-методикалык камсыздоосу окуу жылынын башында КР БбИМ тарабынан 26-сентябрында 2020-ж. № 25 «Кут билим» газетасындагы сунуш кылынган мугалимдердин август кеңешмесине карата Методикалык сунуштар, методикалык колдонмолор.«Кут билим» газетасы 4- сентябрь 2020-ж. №28 сунуш кылынган окуу китептеринин тизмеси. КР Өкмөтүнүн 2014- жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Мамлекеттик билим берүү стандарттар жана предметтик стандарттардын негизинде ишке ашырылган.Окуу жылынын башында мугалимдер окуу- методикалык камсыздоону методикалык бирикмелердин, методикалык кеңешмелердин иштеринде талкуулап, сунуштап, толуктоолорду киргизип, бекиттирип окуу жылында окуу-тарбия процессинде ишке толук ашырып келишет. Мектепте окуу- методикалык камсыздоо кызыктар тараптардын керектөөлөрүн эске алуунун негизинде түзүлгөн. | 1.2.1. Окуу- методикалык камсыздоо жөнүндө жобо |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу-методикалык адабияттардын фонду) болушу | Мектепте 361 окуучу окуйт.Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.Китепкананын фонду – 3035 экземпляр китепти түзөт.<br>Алардан:<br>Окуу китептеринин саны –2385<br>Көркөм адабият китептер – 500<br>Методикалык китептер - 150<br>Мектеп боюнча окуу китептери менен камсыз болушу – 51,82 % түзөт.<br>Класстар боюнча окуу китептери менен камсыз болушу төмөндөгүдөй:<br>1-класс – 39,43 %, 2-класс – 46,07 %, 3-класс – 87,04 %, 4-класс – 60.45 %,5-класс – 92.31 %, 6-класс – 58.08 %,7- класс – 42,75 %, 8-класс – 48,12 %, 9-класс – 54,94 %,10-класс – 45,24 %,11-класс – 34,87 %.<br>Мектепте бардык баскычтар боюнча окуу китептери окуучулардын контингентине жетишсиз.Мектеп администрациясынын ата- энелер менен сүйлөшүүнүн | 1.3.1 Мектеп китепканасы жөнүндө жобо<br>1.3.2 2020-2021-окуу жылынын Д-10 отчету.<br>1.3.4 «Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болуусу боюнча маалымат» аппараттык кеңешменин токтому<br>1.3.5 Китепкананын инвентаризациясы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | натыйжасында окуучуларга предметтер боюнча жетпеген окуу китептерин ата- энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) сатып беришкен. Бала окуп бүткөндөн кийин окуу китебин кийинки жылы окуй турган окуучуга ата- энелер арендага берип, мектептин кырдаалдан чыгышына жардам берип турушат.Ата- энелердин көмөгү менен окуу китептеринин камсыздалышы 14% түзөт: 1-класс – 15%, 2 – класс – 21%, 4- класс –18%,6 – класс- 24%,7-класс- 28%,9 - класс-12%,10 – класс -15%,11- 22%.Окуу китептери жетпеген окуучуларга мектеп администрациясы башка мектептер менен сүйлөшүп,окуу китептери менен камсыздоого аракет кылып турат.<br>Мындан тышкары окуу китептерин окуучулар электрондук китептер менен окушат. Кызыктар тараптардын кызыкчылыгын канааттандырууну эске алуу менен КРдагы сайттар боюнча семинарлар,консультациялар өткөрүлгөн.Мисалы: oku.edu.gov.kg, ibilim.kg,https://www.bb.edu.gov.kg, kitep.edu.gov.kg, “Жаңы китеп” сайттар. | |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу | Билим берүү программаларын жана окуу- методикалык камсыздоону жакшыртуу үчүн кызыктар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгил менен баалоо жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоону жүргүзүү иши мектепте системалуу жүргүзүлөт. Мектептин окуу программаларынын жана окуу- методикалык камсыздоонунун негизги компоненттеринин бири маалыматтык коопсуздукту камсыздоо. Маалыматтык коопсуздукту камсыздоодо маалыматтын жеткиликтүүлүгү, конфиденциалдуулугу болуп саналат.Билим берүү программаларын маалыматтык коопсуздуктан камсыздоо чарасы Интернет булактарын коопсуз пайдалануу көгөйү бар.Администрация тарабынан мугалимдерге маалыматтык коопсуздукту камсыздоо боюнча билим берүү программалары менен иштөөгө багытталган семине-тренингдер, вебинарлар өткөрүлгөн жана төмөнкү сайттар: https://www.bb.edu.gov.kg, oku.edu.gov.kg, ibilim.kg,kitep.edu.gov.kg сунушталган. Кызыктар тараптарга «Маалыматтык коопсуздук» боюнча түшүндүрүү иштери, | 1.4.1. Маалымат коопсуздугу жөнүндө жобо<br>1.4.2 Сурамжылоо,анкета<br>1.4.3 Мектептин веб-сайты жөнүндө жобо<br>1.4.4 Онлайн сабактарды өтүү боюнча сүрөттөр. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ченемдик укуктук акт менен тааныштыруу,окуучулар үчүн класстык сааттарды өтүү иш- чаралары жүрүп турат.Баалоо иши мугалимдерден,ата-энелерден,окуучулардан сурамжылоо жүргүзүү, интервью, жооп,аңгемелешүү, талкулоо тегерек стол уюштуруу аркылуу жүрөт. | |
| **Күчтүү жактар:** | | Окуу планын,билим берүү программаларынын мамлекеттик билим берүү стандарттары, предметтик стандарттардын талаптары менен дал келгендиги.Окуу программалары окуу-тарбия процессинде үзгүлтүксүз ишке ашырылып жана жыйынтыктарынын чыгарылгандыгы. Методикалык колдонмолордун электрондук варианттары менен мугалимдердин камсыз болушу.Окуучулардын электрондук окуу китептерин колдогондугу. Кызыктар тараптардын маалыматтык коопсуздук боюнча түшүнүктөрүнүн болушу. | |
| **Алсыз жактар:** | | Айрым предметтер боюнча окуу программалары менен окуу китептеринин темалары, мазмундарынын дал келбегендиги. Китепкана фондунда предметтер боюнча окуу китептери менен окуучулар жана мугалимдер үчүн методикалык пособие, окуу китептердин камсыздалышынын жетишсиздиги. | |

| **2.КОМПЕТЕНТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1 | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | Сабакты пландоодо максаттары так,ченеле тургандай темага карата окуучунун позициясында коюлуп,сабактын башында ага кошумча критерийлери,индикаторлору болуп,окуучулар менен талкууланып,ондоп-түзөөлөр киргизилип турат.Мектепте көбүнчө окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу үч багытта каралат: окуу процессинде баланын турмушуна керектүү окуу материлдарын берүү, керектүү материалдарды издеп табууга үйрөтүү,баланы алган билимин турмушта пайдалана алгандай окутуунун гана үстүндө күнүмдүк сабактар өтүлөт.Негизги жана предметтик компетенттүүлүктү түзүү сабактарда дайыма ишке ашырылып турат.М: маалыматты издөө, фрагменттерди салыштыруу, талдоо жүргүзүү,оюн, көз карашын айтуу,ой жүгүртүү, башка бирөөнүн оюн уга билүү,ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен чечим чыгаруу.Сабактын | 2.1.1 Сабакты анализдөө картасы.<br>2.1.2.Сабактардын күнүмдүк-тематикалык пландары.<br>2.1.3 Билим сапатын көтөрүүнүн планы<br>2.1.4 Ченемдик-укутук актылар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | максатын окуучунун позициясында коюу менен сабактын мазмуну ачылып,колдонулган ыкмалар, көнүгүүлөр, ишмердиктер, баалоолор күтүлгүүчү натыйжага алып келгендиги байкалат.Мектепте сабакты туура пландоо мамлекеттик стандарттардын талаптарына дал келет, окуучулардын жана ата-энелердин суроо- талаптарына жооп берет. | |
| 2.2 | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Мектепте окуу- тарбия процессинде МКТ сабактарга даярданууда,өтүүдө,класстан тышкаркы иш- чараларды уюштурууда, окуучуларды олимпиадаларга даярдоодо, окуучулардын билимин баалоодо колдонулуп келет.Ар бир мугалимдин жаңы технологиялар менен колдонуунун методдору бар,электрондук оюн,тест менен,слайд менен иштөө. МКТ аркылуу мугалимдер маалыматтарды,көрсөтмө материалдарды, тренажер,текстерди даярдоо жана сактоо,слайд даярдоо, диагностика жана текшерүү иштерин жүргүзөт. МКТ менен сабакка даярданууда мугалим үчүн сабактын максатынын, структурасынын, мазмунун натыйжалуу жыйынтыкка жетүүсү. МКТ менен сабак берүүдө окуучулардын өз алдынча иштеши,өзүн текшерүүсү, үй тапшырмаларын аткаруусунун көлөмүнүн, изденүүсүнүн, компьютердик сабаттуулактарынын, сабакта виртуалдык,визуалдык кабыл алууларын, кызыгууларын, окуу материалын тез кабыл алууга, практикалык көндүмдөрүн, сабакка болгон кызыгуулары бир аз болсо дагы жогорулагандыгы байкалат.Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар дагы МКТ өздөштүрүүгө жөндөмдүү.Мугалимдер ар түрдүү сервистер, платформалар, каналдар,инструменттер менен иштөөгө ээ.Мектепте мугалимдердин 75% компьютердик технологияларды толук жана системалуу түрдө төмөнкү платформа,сервистерди,программаларды,каналдарды колдоно алышат:<br>ZOOM - 90%<br>Google Classroom-80%<br>Google Meet-55%<br>Telegram-100%<br>WhatsApp-100 | 2.2.1 Маалыматтык коммуникациялык технологияны (МКТ) пайдаланган мугалимдердин мониторинги жана колдонулгандыгы боюнча предметтердин тизмеси, мониторинги<br>2.2.2 «Маалыматтык коммуникациялык технологияларды колдонуу менен окуучуларды сабакка кызыктыруу» УБнин токтому<br>2.2.3 Тарбия иштери боюнча жобо<br>2.2.4 Тарбия сааттар боюнча жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | YouTube, Инфосабак,Google Docs,Moodle инструменттери менен иштөө онлайн сабактарда жүргүзүлдү.<br>Мектепте интернет 4 кабинетте,5 компьютер,1 проектор,2 ксерокс,1сканер,2 принтер,3 смарт тв,1түстүү принтер жана мугалимдердин өздүк 20 ноутбук,2 компьютери бар.<br>Онлайн окутуу учурунда мугалимдер,окуучулар интернет булактарын колдонууга даяр болгондуктан кыйынтылыктар аз болду.Онлайн окутуу жогоруда саналган программалар, сервистер, платформалар аркылуу жүргүзүлдү.Улуу муундагы 5 мугалим онлайн учурунда МКТ пайдаланууда кыйналып, WhatsApp каналында иштешти.Бардык эле окуучудаМКТ колдонууга шарт жок,бирок ошого карабастан ата- энелерге администрация түшүндүрүү иштерин жүргүзүп,окуучулар интернет булактары менен камсыздалган.Мектепте администрация тарабынан маалымат-коммуникациялык технологияларды колдонууга шарттар түзүлгөн, сабак учурунда, бош убактарында мугалимдер,окуучулар МКТ колдоно алат. | |
| 2.3 | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Мектепте окутуудагы жетишкендиктерди баалоо билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык билим берүү процессинде мугалимдердин өз убагында так маалымат алууга, тактап айтканда окуу программасына өзгөртүү киргизүүгө, окуучулардын муктаждыктарына жараша окутуу методдорун жана ыкмаларын ыңгайлаштырууга, билим берүү ыкмаларын жана мугалимдин окуучуга берген кайтарым байланышын өзгөртүүгө болот.Сабактарда кайтарым байланыш механизми боюнча мугалимге окутуу процессинин өтүп жаткандыгы, ар бир окуучунун жетишкендиктери жөнүндө маалымат, ал эми окуучулар күтүлүүчү натыйжаларга карата жетишкендиктери, ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө кеп- кеңештерди берет.<br>Сабактарда кайтарым байланышта төмөнкү механизмдер колдонулат:<br>Биринчи этап «Жаңы тема» (мугалимдин түшүндүрмөсү);<br>Экинчи этап «Окуучунун жообу» (мугалим окутуу процессинин деңгээлде өтүп жаткандыгы тууралуу, окуучулардын жетишкендиктери жана кемчиликтери жөнүндө билет); | 2.3.1 Окуучулардын билимин баалоо жөнүндө жобо<br>2.3.2 Календардык-тематикалык планы<br>2.3.3 Сабактын анализ картасы<br>2.3.4 Ички көзөмөл жөнүндө жобо<br>2.3.5 Педагогикалык кеңешменин жобосу<br>2.3.6 Сабактардын иштелмелери,сүрөттөр<br>2.3.7 Окуучунун билимин текшерүүдө кайтарым байланыш механизмдерин колдонуу анкета алуу<br>2.3.8 Усулдук бирикменин жобосу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Үчүнчү этап «Кайтарым байланыш, мугалимдин көрсөтмөлөрү» (окуучу мугалимден кеңеш алгандан кийин кемчиликтерин тактап, оңдоп, тапшырмага толуктоолорду киргизет);<br>Кайтарым байланыш,тесттер жыйнагы,сурамжылоо анкетасы аркылуу жүргүзүлөт. Башталгыч класстарынын ата- энелери кайтарым байланыш берүүгө катышып, окутуу процессин жакшыртууга жардам берип турушат.Кайтарым байланыш класстер, синквейн, суроо-жооп, Блумдун таксономиясы, метаплан, Т-схемасы, синквейн, мээге чабуул методдору менен жүргүзүлөт.Кайтарым байланыш сабактын максаттарына жетүүсүнө багытталган конкреттүү ишмердүүлүк, көйгөйлөр жөнүндө маалымат берүү, алуу процесси жана мугалимдин, иокуучулардын өз ара мамиле түзүү, оюн айтуу, компетенттүүлүккө жетүүсү менен мугалимдин сабак берүүдөгү методикасын, ыкмаларын жөнгө салат.Мугалимдин сабак берүүдөгү методикасын көрүү, күчтүү,алсыз жактарын талкулоо сунуштоо менен окутуу процесси жөнгө салынат.Окутууну баалоодо катарым байланыш механизмдери КР билим берүү стандарттары,мектептин уставы, ченемдик актылары менен жүргүзүлөт.<br>Мугалимдер,окуучулар жана ата- энелерге «Окутууну баалоо жана корректировкалоо боюнча кайтарым байланыш механизмдери» боюнча сурамжылоолор жана мониторинг жүргүзүлүп,анализи жазылган. | 2.3.9 « Окутууну баалоодогу кайтарым байланыш механизмдеринин болушу» директор алдындагы кеңешменин токтому<br>2.3.10 Окуучулардын күндөлүгү жөнүндө жобо<br>2.3.11 Окуучулардын билимин баалоо жөнүндө жобо<br>2.4.12 Үй тапшырмасынын берилиши жөнүндө жобо |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу. | Мектепте көбүнчө компетенттүү жана калыптандыруучу баалоого көңүл бурулат.Мугалимдер баяндама берген жазуу түрүндөгү, оозеки (баалоо түрүндөгү), сыпаттоо баа берүү кайтарым байланыштын түрлөрүн жана менен бирге байкоо жүргүзүү,тесттик, текшерүү иштерин колдонушат.Мектеп администрациясы сабактарга катышууда жана талкулоодо мугалимдин окуучулар менен сабактын максаттарына, күтүлүүчү натыйжаларга, окуучулардын ишмердүүлүгүнө оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү, мугалимдин кайтарым байланыштан кийин аткарылган ишти баалоо түрүндө окуучунун кайтарым байланышын алуусун көрүүгө маани берет.Сабакка | 2.4.1 Окуучулардын окуу предметтери боюнча жетишкендигинин жыйынтыгы жөнүндө жобо<br>2.4.2 Жетишкендиктер боюнча маалыматтык тактасы.<br>2.4.3 Башталгыч класстар бирикмесинин токтому<br>2.4.4. Математикалык-табигый илимдер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | анализ берүүдө, натыйжалуу жана натыйжасыз кайтарым байланыш болгондугу объективдүү, айкын- ачык айтылып, мугалимге өзүн-өзү баалоого, өз ара баалоо жана сыпаттык баалоо түрлөрү пайдаланылат. Сабакка анализ берүүдө мугалимдин жетишкендиктерин, кемчиликтерин айтып өтүшүп баалоо жыйынтыктарын эске алуу менен окутуу процессине оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү,окутууну уюштуруунун формасын, окуучулардын тутумун эске алуу менен сабакты туура пландаштыруу жана өзгөртүү,сабакта мурдагы көгөйлөрдү эске алуу менен диагностикалык баалоо, класстты башкаруу боюнча техникаларды пайдалануу, сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен жекече иштөө, калыптандыруучу баалоо жана сабактын методдорун, ыкмаларын өзгөртүү боюнча сунуш-пикирлер берилип, жыйынтыктоочу баалоо болот. | бирикмесинин токтому |
| 2.5 | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери,жол-жоболору жана жыйынтыктары,ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Окуучулардын жетишкендиктери ченемдик –укуктук актылардын негизинде жүргүзүлөт.Мектепте окуучулардын билимин баалоо окуучулардын билим алуу процессинде активдүү катышуусуна,шыктануусуна, предметке болгон кызыгуусуна, умтулуусуна, күтүлүүчү жыйынтыкка өздөрүнүн билимин өз алдынча баалай билүүсүнө,бирин-бири баалап,сын-пикирин, көз карашын билдирүүгө жете алат.<br>Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо боюнча обьективдүү жана системалуу иштер жүргүзүлөт, мындай баалоо окуучулар менен мугалимдердин ортосунда кызматташтык мамилени жаратып, ийгиликтерге жетүүсүнө шарт түзүп турат. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо «О»срези алынып, окуучуларга диагностикалык, административдик, текшерүүчү, жыйынтыктоочу баалоолор жүргүзүлөт.Окуучулардын жетишкендиктери мектеп администрация тарабынан көзөмөлгө алынып, мониторинг аркылуу чейректер жана жылдар боюнча баалоонун анализи жүргүзүлүп турат.Окуучулардын билими сырткы баалоо аркылуу да жүргузүлүп турат,НЦТ,Секом билим берүү борбору, ЧТББ,НОВА аркылуу жүргүзүлүп, салыштырмалуу мониторинг жасалат.Баалоо критерийлери күнүмдүк сабактарда, жазуу иштерин жүргүзүүдө, | 2.5.1 Окуучуну баалоонун жалпы жол-жобосу жөнүндө жобо<br>2.5.2 «О» срезинин анализи<br>2.5.3 Окуучуларды баалоо боюнча маалыматтарды топтоо банкы<br>2.5.4 Олимпиадалардагы жетишкендиктердин салыштырмалуу мониторинги, грамоталар<br>2.5.5 Жыйынтыктоочу баалоонун мониторинги (салыштырмалуу акыркы 5 жылдагы)<br>2.5.6 НЦТ,Секом билим берүү мекемесинин,ЖРТнүн салыштырмалуу ( 5 жыл ичиндеги) мониторингдери<br>2.5.7 Педагогикалык кеңешменин токтомунун |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окуу жөндөмдөрүн, долбоорлорду, практикалык иштерде презентация кылууда алдын ала мугалим жана окуучунун катышуусунда иштетилип чыгып,баалоонун айкын- ачык болушу үчүн талкуулар жүргүзүлөт.Критерийлер жеке, жупта, топтордо иштөөдө формаларында жана баалоонун бардык түрлөрүндө иштетилип чыгат.<br>Чейректик билимин баалоого мониторинг жүргүзүлүп жана кайра кароо педкеңешмеде, усулдук кеңешменин, усулдук бирикмелердин ишинде баалоодогу жетишкендиктер, кемчиликтерге карата талкулоо, оңдоп- түзөтүүлөр,сунуштоолор берилип, чечимдер чыгарылып турат.Класстан класска көчүрүү жана бүтүрүүчү класстарды сынактарга киргизүү, жыйынтыгын чыгаруу ченемдик актылардын негизинде жана кичи педкеңешмелерде каралып, жетишкендиктерине, кемчилтиктерине баа берилип сунуштоо, оңдоо- түзөө иштери жүргүзүлөт, айкын – ачык бааланат жана жыйынтыктары ата – энелерге угузулулат.<br>8- 11-класстарын олимпиадага даярдоо пландын негизинде жүргүзүлөт.Жыл сайын география предметинен райондук, областтык алкакта, кыргыз тили, биология предметтеринен районук алкакта байгелүү бар.Башталгыч класстарынын «Ынтызар» олимпиадасында жыл сайын байгелүү орундарга окуучуларыбыз ээ болуп келишет.<br>Бүтүрүүчү класстар үчүн маалыматтык экзамендик бурчтар уюштурулган жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын баалары,ЖРТнын баллдары илинип турат ( окуучулар жана ата-энелер таанышуу үчүн). Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация жыйынтыктары боюнча кайрылуулар жана даттануулар «Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жөнүндө» жобонун негизинде айкын- ачык иш жүргүзүлөт. ЖРТнын жыйынтыгына макул болбогон бүтүрүүчүлөр тестирлөө борборуна жекече кайрыла алышат.Окуу жылынын аягында класстар, баскычтар боюнча окуучулардын жыл ичиндеги жана жыйынтыктоочу билими бааланып, мониторинг жүргүзүлөт. | көчүрмөсү<br>2.5.8 Ченемдик-укуктук актылар<br>2.5.9 «ЖМАны өткөрүү жөнүндө» буйрук<br>2.5.10 ЖМАны өткөрүү боюнча сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.6 | Коопсуз,өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо,билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | Мектепте гигиеналык-санитардык шарттарды түзүү, экологиялык коопсуздук (таза суу,туура тамактануу, жарыктандыруу, энергоэффетивдүүлүк, ыңгайлуу температура,туура желдетүү, жашылдандыруу) жана физикалык коопсуздук (коопсуз имарат,өзгөчө кырдаал учурундагы коопсуздук,окуу үчүн жабдуулар),социалдык коопсуздук ( укугунун чектелбеши,зордук- зомбулуктун жоктугун камсыздоо),толеранттуу атмосфераны түзүү, мектептин кызматкерлеринин, окуучулардын ден соолугуна кам көрүү иштери колго алынган жана мектептин Туруктуу өнүгүүнүн стратегиялык планына киргизилген. Жогоруда саналган багыттар боюнча иштер жылдык пландын негизинде жүргүзүлөт.Мектепте коопсуздукту камсыз кылууда бардык структуралар айыл өкмөтүнүн жана ата- энелердин өнөктөштүгү менен ишке ашырылып турат жана мектеп алгылыктуу иштерди жүргүзүп келет.Мектептин социалдык коопсуздугун камсыздоо, алдын алуу иштерин колго алуу максатында ИДН кызматкери менен уюштуруучу тыгыз иштерди жүргүзүп турат.Өзгөчө кырдаал, өрт коопсудугун алдын алуу боюнча практикалык, көндүмдүк сабактар жарым жылдык сайын буйруктун негизинде өткөрүлүп турат.Мүмкүнчүлүккө жараша билим берүү процессине катышуучулардын өмүрүн, ден соолугун сактоого шарттар түзүлгөн жана талапка жооп берет.КР «Билим берүү жөнүндө» 26,30,31,32-беренелер, «Мугалимдин статусу жөнүндө» 4,8- беренелерде жана «Балдар жөнүндө кодекси» мыйзамдарынын,мектептин Уставын аткаруу максатында мектепте план иштелип чыгып, алдын алуу иш-чаралары жана соцпедагог,уюштуруучу, мугалимдерге, окуучуларга коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсун камсыздоо үчүн тематикалуу семинар-тренингдер өткөрүлүп турат.1, 5, 10-класстарындагы уланмалуулук (преемственность) боюнча семинарлар уюштурулган.Окуу жылдын башталганда жана каникул күндөрү окуучулардын жолдо жүрүү, өрт коопсуздугу,техникалык | 2.6.1Психологиялык паспорт<br>2.6.2 Соцпаспорт<br>2.6.3.Антитеррордук паспорт<br>2.6.4 Ден- соолукту сактоо ишмердүүлүгү жөнүндө жобо<br>2.6.5 Класстык сааттардын иштелмелери<br>2.6.6 Семинар-тренинигдердин сүрөттөрү<br>2.6.7 Ден соолук күнүн өткөрүү жөнүндө жобо<br>2.6.8 Тамактануу боюнча сертификат<br>2.6.9 Жайкы эс алуу лагерин уюштуруу жөнүндө жобо<br>2.6.10 Мектептин коопсуздугун алдын алуу аппараттык кеңешменин токтому<br>2.6.11 Туруктуу өнүгүүнүн стратегиялык планы<br>2.6.12 Коопсуздук журналдарынын сүрөттөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | коопсуздук эрежелери боюнча инструктаждар жана ден соолуктарынын коопсуздугун алдын алуу, жугуштуу ооруларды (ОРВИ, гепатит, учук, ковид -19 ж.б.) жана санитардык-гигиеналык эрежелерин сактоо боюнча класстык сааттар, инструктаждар өткөрүлүп турат.Класстык бурчтарда коопсуздуктардын эрежелерин сактоо,жугуштуу ооруларды алдын алуу боюнча нускамалар илинген.Окутуу процессин уюштурууда мектепте психологиялык паспорт жана соцпаспорттун, антитеррордук паспорттун анализи жана мониторинги бар. Физика, химия предметтеринен лабораториялык иштерди жүргүзүү боюнча окуучуларга инструктаж өткөрүлүп, коопсуздук эрежелери сакталып келет.Дене тарбия предметинен жана ийриминен коопсуздук эрежелерин сактоо иштер колго алынган, коопсуздук журналы бар.Башталгыч класстарынын 146 окуучусуна тамак берилет (сертификат бар),класс-кабинеттердин, кухнянын ичи санитардык- гигиеналык талаптарга жооп берет. | |
| 2.7 | Ички жана тышкы баалоонун,системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Окуучулардын билимин ички баалоо ишмердүүлүгү бөлүм, главалар, чейректер бүткөндө тесттик, жазуу иштери аркылуу баалоолор жүргүзүлөт. Ички баалоо «О» срези, административдик текшерүүчү,чейректик, жыйынтыктоочу баалоолор аркылуу жүргүзүлөт.Чейректер сайын предметтер, класстар, звенолор боюнча окуучулардын билиминин натыйжаларынын динамикасы ( мониториг) жүргүзүлүп, анализ жазылат.Тышкы баалоодо бүтүрүүчү 11- класстар райондук билим берүү бөлүмү, СЕКОМ билим берүү мекемеси, 9, 10,11 – класстар НЦТнын тестирлөөсүнөн жыл ичинде өтүп турушат. ЖРТгө даярдык иштери үзгүлтүксүз жыл ичинде мектеп ичинде предметтер боюнча кошкумча окутуу, Секом билим берүү мекемеси аркылуу окутуу аркылуу жүргүзүлөт.Ички,тышкы баалоо иштери системалуу жүргүзүлөт жана жыйынтыгы боюнча мониторингдер педагогикалык кеңешме, усулдук бирикмелердин кеңешмелеринде каралып,талкууланат. | 2.7.1 Ички көзөмөл боюнча жобо<br>2.7.2 Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо боюнча жобо<br>2.7.3 Мектеп ичиндеги билим сапаты боюнча мониторингдер (баскычтар, класстар, предметтер боюнча)<br>2.7.4 Мектептин 5 жылдык билим сапатын салыштыруу мониторинги<br>2.7.5 Тышкы билим сапатын баалоо мониторингдер (ЖРТ,НЦТ,ЧТББнүн тестирлөөсү)<br>2.7.6 ЖРТнүн жыйынтыгы педкеңешменин токтому |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.8 | Кызыктар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Администрация тарабынан кызыктар тараптардын кайрылуулары, арыздары каралып, журналга катталып, 3 күндүн ичинде жооп берилет. Кызыктар талаптардын кайрылуулары, арыздарына жооп берүү тартиби «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» жобого ылайык жүзөгө ашырылат.Кызматкерлерге дем берүүчү фонддон эмгек акыны бөлүштүрүүдө даттануулар эксперттик жана талаш-тартыш комиссиялары, ПКти тарабынын каралып,туура объективдүү чечилип келет.ЖМАны жүргүзүүдө талаш-тартыш комиссиясы тарабынан ченемдик-укуктук актылардын негизинде окуучулардын билимин баалоодо адилеттүүлүк болуп турат. Кайрылуулар мугалимдердин жамааттык жыйналыштарында, профсоюз комитетинин ишинде каралып, жыйынтыгы берилет.Мектепте талаш-тартын маселелери мөөнөттү узуртпай өз убагында чечилип турат. | 2.8.1 Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө жобо<br>2.8.2 Кайрылуу жана арыздарды каттоо журналы<br>2.8.3 ПКнын жыйынынын токтому |
| **Күчтүү жактар:** | | Окутууну баалоо КРнын билим берүү, предметтик стандарттарынын талаптарынын, укуктук- ченемдик актылардын негизинде айкын- ачык жүргүзүлгөндүгү. Мугалимдердин МКТ, интерактивдүү методдорду колдонуу менен окуу- тарбия процессин уюштургандыгы. Кайтарым байланыш механизмдерин туура жүргүзүү менен жетишкендик, кемчиликтерди табуу менен убагында оңдөө-түзөө иштерин жүргүзүү.Мугалимдердин 80% онлайн сабактарды каналдар, платформалар, сервистер аркылуу өтө алгандыгы.Билимдерин баалоодо мониторинг жүргүзүлүп, анализ жазылгандыгы. Коопсуз мектептин бардык бөлүктөрү боюнча иштин жүрүп жаткандыгы.Алдын алуу иштеринин системалуу жүргөндүгү. | |
| **Алсыз жактар:** | | Мугалимдердин 20% ти МКТны өздөштүрө албагандыгы.Электрондук китеп менен иштөөдө мектепте, үй шартында интернеттин толук жетишпегендиги.Электрондук күндөлүк системасынын иштешине ата- энелердин таасиринин толук жоктугу. Класс- кабинеттердин интернетке толук кошулбагандыгы.Интерактивдүү доска,акылдуу панел, компьютердик техиканын жетишпегендиги. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2. К А Д Р Д Ы К С А Я С А Т Т Ы Н Э Ф Ф Е К Т И В Д Ү Ү Л Ү Г Ү** | | | |
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билим билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Мектепте 24 педагогикалык кызматкер эмгектенет, адистиктери боюнча сабактар берилет жана сапаттык курамы төмөндөгүдөй:<br>жогорку билимдүү –24 мугалим<br>Кыргыз тили мугалими - 4<br>Орус тил мугалими -2<br>Англис тили мугалими - 1<br>Математика мугалими - 1<br>Физика мугалими -1<br>Химия- биология мугалими – 2<br>География мугалими – 2<br>Информатика мугалими - 2<br>Тарых мугалими- 1<br>Башталгыч класстын мугалими- 6<br>Сүрөт,музыка мугалими- 1<br>Дене тарбия мугалими-1<br>Сыйлыктар боюнча:<br>- Билим берүүнүн отличниги - 8<br>- Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы – 5<br>-Чүй областык билим берүү бөлүмүнүн грамотасы - 1<br>-Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүнүн ардак грамотасы - 4<br>Мугалимдердин педстажы:<br>- 0-5 жыл – 2<br>- 5-10 жыл – 7<br>- 10-15 жыл – 0<br>- 15 жылдан жогору – 15, анын ичинен пенсияга курагындагылар – 9<br>Мугалимдер бардык предметтерди адистиги боюнча беришетжана дипломдоруна шайкеш келет.Билим берүү программасына шайкеш келүүсү боюнча биолог мугалими химия сабагынан, математика предметин информатика мугалими берет. АЧД, дене тарбия предметтерин адистиги боюнча дал келбеген мугалим берет. | 3.1.1 Мугалимдердин сапаттык, курактык, педстажы боюнча мониторинги<br>3.1.2 Мугалимдердин сыйлыктары ((удоставрение, грамоталар), мониторинг<br>3.1.3. Жаш адис жөнүндө жобо<br>3.1.4. Жаш адистерге семинар-тренингдер (сүрөттөр) |
| 3.2 | Физикалык жана | КР «Билим берүү жөнүндөгү»мыйзамдарынын 30, 32- | 3.2.1 Тех.паспорт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | психологиялык коопсуз чөйрөнү,ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | беренелери, «Мугалимдин статусу жөнүндөгү» 17,18-беренелери, «Балдар жөнүндөгү кодекси» 4,5- беренелери, мектептин Уставынын негизинде билим берүү процессинин катышуучуларынын физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоо,өз ара мамилелерин баалоо иштери жүргүзүлөт.Мектептин физикалык коопсуздугун жүргүзүүчү техникалык паспорт жана жер участогунун актысы болуп саналат.<br>Билим берүү процесси үчүн оптималдуу санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылуу КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 «Жалпы билим берүү уюмдарында окутууну уюштуруу жана санитардык эпидемиологиялык шарт түзүү талаптары» токтомунун негизинде мектепте 2020-жылдын 2- сентябрында № 65 «Эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аныктоо жана талаптарды аткаруу боюнча комиссия түзүү жөнүндө» буйругу чыгып, ушунун алкагында иштер жүргүзүлөт. Имараттын өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча КР ӨКМнин «Изилдөө актысы»,Чүй –Токмок санитардык- эпидемиологиялык станциясынын «Изилдөө актысы» бар.<br>Билим берүү процессин жакшыртуу үчүн мугалимдердин ден соолуктарына, иш орундарына шарттарды түзүлүп берилген.Билим берүү процессинин катышуучуларына психологиялык жактан коопсуз чөйрөнү түзүү үчүн сылыктык, туруктуулукту сактоо, адилеттүүлүк, жоопкерчиликтик өз ара мамилелери түзүлүп турат.Мугалимдердин, окуучулардын физикалык жана психологиялык коопсуздугун алдын алуу боюнча тематикалуу аңгемелешүү,тегерек стол,семинар-тренингдерди өтүлүп, ата-энелер комитети менен сурамжылоо иштери жүргүзүлуп, мониторинг жасалат.<br>Соц.педагог, класс жетекчилер тарабынан окуучулардын психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүн уюштуруу жана ушул көйгөйлөрдүн алдын алуу боюнча сурамжылоо жүргүзүлөт.Мектеп коопсуздукту камсыздоочу түзүмдөр,үй- бүлөлүк дарыгелер,ИДН кызматкери, айыл | 3.2.2 Жер участогунун актысы<br>3.2.3 Кызыктар тараптардын сурамжылоонун, анкетанын жыйынтыктары<br>3.2.4 Ата-энелердин жыйналышынын, класс жетекчилердин токтомдору<br>3.2.5 Семинарлардын материалдары,сүрөттөр<br>3.2.6 Физикалык жана психологиялык коопсуздуктун алдын алуу боюнча класстык-тарбиялык сааттардын иштелмелери<br>3.2.7 Тартипсиздикти алдын алуу боюнча кеңешменин отурумунун токтому<br>3.2.8 КР ӨКМнин райондук бөлүмүнүн «Изилдөө актысы»<br>3.2.9 Чүй-Токмок санитардык-эпидемиологиялык станциясынын «Изилдөө актысы» |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өкмөтүнүн соцкызматкери, ЧТББнүн тарбия иштери боюнча инспетору менен биргеликте пландын негизинде алдын алуу иштерин жүргүзөт. Мектепте ишеним почтасы жана телефону бар.Келген суроо-талаптар уюштуруучу тарабынан каралып,аларга өз убагында жооп берилет. | |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Педагогикалык кадрлардын кесиптик билимин жогорулатуу иштери мектепте түзүлгөн план-графиги боюнча үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Мугалимдердин кесиптик билимин жогорулатуу 5 жыл сайын КР БбЖИМнин алдындагы квалификациясын жогорулатуу жана РИПКнын, ЦООМОнун курстарынан өтүп келишет.Акыркы 5 жылда квалификациясын жогорулатуу курстарында төмөндөгүдөй өтүшкөн :<br>2017- жылы – 5%<br>2018- жылы – 20%<br>2019- жылы- 100%<br>2020- жыл -15%<br>2021- жылы- 10%<br>Дистанттык, онлайн курстар- 25%<br>Мектеп онлайн форматында окуганда да онлайн семинар, вебинарлдарга, конференц байланыштарга мугалимдер үзгүлтуксуз катышып келди.<br>Мектеп администрация тарабынан мугалимдердин кесиптик билимин жогорулатууга багытталган методикалык жардам берүү иштери үзгүлтуксүз жүргүзүлүп келет. Мектепте насаатчылык системасы жана жаш адис мектебинин биргелешкен планы бар жана системалуу иш жүргүзүлөт.Жаш адистер үчүн семинар- тренингдер,«Жаш адистин жумалыгы» өткөрүлгөн. Мындан тышкары мектеп администрациясы, мугалимдер республикалык, район аралык методикалык бирикмелерде кесиптик билимин жогорулатуучу кыска мөөнөтүү тематикалуу семинар- тренингдерге, мастер-класстарга катышуусу окуу-тарбия процессинин жакшыртылышына оң таасирин тийгизип келет.<br>Мектептин миссиясынын негизинде мугалимдердин кесиптик билимин жогорулатууга, окутуунун методикаларын, | 3.3.1 Мугалимдердин тарификациялык тизмеси<br>3.3.2 Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча 5 жылдын мониторинги<br>3.3.3 Семинарлардын материалдары,сүрөттөрү<br>3.3.4 Эксперттик комиссиянын токтому<br>3.3.5 Мугалимдердин курстардан өткөндүгү боюнча сертификаттар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ыкмаларын өзгөртүүгө, жакшыртууга багытталган администрация, методикалык бирикмелердин тематикалуу семинар- тренингдер, практикалык сабактар, мастер-класстар өткөрүлүп турат. Предметтик мугалимдердин методикалык көйгөйлөрүнүн негизинде кесиптик өнүктүрүү планын иштелип чыккан.<br>Райондук, облусттук билимдерин жогорулатуу жана кесиптик өнүгүүгө карата №1 педкеңешменин чечими менен мугалимдер мотивацияланат: насаатчыга, методикалык кеңешменин, бирикменин жетекчилерине,олимпиадага даярдаган мугалимге,окуу бөлүм башчысына мугалимдерге методикалык көмөк көрсөткөндүгү үчүн жана уюштуруучу окуучуларды район аралык иш- чараларга окуучуларды даярдагандыгы үчүн жумасына 2 сааттан прочая деятельность боюнча тарификацияда эмгек акы төлөнүлүп берилет. Кесиптик өнүгүүгө шыктандыруучу квалификацияны жогорулатуу курсуна барган, семинар-тренингди район жана мектеп ичинде өткөргөн, областтык жана район аралык олимпиада, спорттук мелдештерде, мектептен тышкаркы иш-чараларда окуучулары байгелүү орундарды алган мугалимдерге, профсоюз комитетинин төрайымына профсоюздук иштерди жүргүзгөндүгү үчүн дем берүүчү фонддон эксперттик комиссиянын чечими менен айкын- ачык баллдар берилет жана көрүнүктүү жерде маалыматтар илинип турат.Окуу жылынын аягында район, шаардык предметтик олимпиадада окуучулары байгелүү орун алган мугалимдерге дем берүүчү фонддон жогорку баллдар, райондук ПК тарабынан эс алууга жолдомо жана айыл өкмөтү тарабынан акчалай сыйлыктар ишмердүүлүгүнө жараша берилип турат жана грамоталар менен сыйланышат. | |
| **Күчтүү жактар:** | | Мектепте бардык предметтер адистиктери менен берилиши, мугалимдердин жогорку билимдүү болушу жана предметтердин толук берилиши.Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнүн болушу.Алдын алуу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | иштеринин системалуу жүрүшү.Мугалимдердин системалуу түрдө квалификациясын жана өз билимин жогорулатып туруусу.Кызматкерлерди мотивациялоонун болгондугу. | |
| **Алсыз жактар:** | | Айрым мугалимдердин традициялуу сабак берүү методдорунун эскиргендиги, чыга албагандыгы жана калыптанып калганыгы. | |
| | **4.М А Т Е Р И А Л Д Ы К – Т Е Х Н И К А Л Ы К  Б А З А** | | |
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имаратынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар,спорт зал ) болушу | Мектепте 5 компьютер,1 проектор,2 ксерокс,2сканер,3 принтер, 3смарттв, 1 түстүү принтер, мугалимдердин өздүк 20 ноутбуктары,2 компьютери бар.Окуучуларга информатика предметин окуу үчүн комьютердин саны жетишпейт. Мугалимдердин өздүк 20 ноутбук, 2 компьютери жана интернет бар.Мектепке компьютерлер 2015- жылы эксплуатацияланган. Химия, биология, физика предметтери боюнча лабораториялар бар.Окуу- кабинеттери жабдылган, талапка жооп берет.Мектептин спортзалы, спорт аянты, мини футболдук талаасы жана спорттук жабдыктары бар. Окуучулардын ден соолугун чыңдоого, кам көрүүгө бардык шарттар бар. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн мектепте шарт бар (пандус ).<br>Интернет жана окуу предметтери боюнча электрондук билим берүү ресурстарын колдонууга кирүү мүмкунчүлүгү мектептин шартына жараша бар.Үй шартында окуу китептери жетишпеген окуучулар өздүк компьютер, ноутбуктары, мобилдик телефондору аркылуу электрондук ресурстарды, китептерди колдоно алышат.Эмеректер окуучулар жана мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн жетиштүү.<br>Мектептин материалдык техникалык базасын жакшыртуу, көгөйлөрдү чечүү максатында стратегиялык өнүктүрүү планы менен иштер жүргүзүлөт. Мектептин администрациясынын иш- аракети,сүйлөшүүлөрү аркылуу спорттук жабдыктар демөөрчүлөрдүн жардамы менен алынган. | 4.1.1 Мектептин материалдык-техникалык базаны чыңдоо планы.<br>4.1.2 Класс- кабинеттердин, спортзалдын жабдылышынын, сүрөттөрү<br>4.1.3.Материалдык-техникалык база боюнча 5 жылдык мониторинг<br>4.1.4 Сүрөттөр<br>4.1.5 Мектептин инвентаризациясы |
| 4.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, | Мектептин окуу- тарбия процессинин жүрүшүнө шарттар түзүлгөн жана техникалык коопсуздуктун эрежелерин сактоо менен талаптарына ылайык иш алынып барылат. КР | 4.1.1 Техпаспорт<br>4.2.1 ПКнын семинары «Эмгектин корголушуна |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Өкмөтүнүн 2016- жылдын 11- апрелиндеги № 201 токтомунун “Жалпы билим берүү уюмдарында окутууну уюштуруу жана санитардык эпидемиологиялык шарт түзүү талаптары” токтомунун санитардык- эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдеринин талаптарын ишке ашыруу максатында окуучулардын ден соолуктарын сактоого багытталган жана окуу имаратынын аймагына, жайгашуусу, жабдылышы,аба-жылуулук режими, жарыктандыруу,суу менен камсыз кылуу жана канализация, билим берүү процессинин режими, окуучуларды жана мектептин кызматкерлерин медициналык кароодон өткөрүү, мектептин санитардык абалы жана аларды күтүү, башталгыч класстарында тамактанууну уюштуруу боюнча иштер жүрүп турат. Окуучулардын ден соолугуна кам көрүүгө медициналык бурчта аптечка уюштурулган.<br>Мектептин имаратында энергияны үнөмдүү колдонуучу лампалар колдонулат жана өрт коопсуздугуна жооп берет.Өрттөн коргонуучу шаймандар жетиштүү. Мектептин эвакуациялоо планынын схемасы, өрт коопсуздугун алдын алуу,тез арада эвакуациялоо, авариялык-куткаруу, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын планы КР ӨКМнин райондук (Өзгөчө кырдаалдар) бөлүмү менен бирдикте макулдашылган түзүлүп, пландын негизинде иш чаралар өткөрүлүп турат. Окуу жылынын башында мектепте коопсудукту алдын алуу багытындагы буйруктар чыккан.Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаж өткөрүлүп, журналга колдору коюлган.<br><br>Экологиялык коопсуздукка карата мектептин айланасы жашылдандырылган иштери колго алынган, тегереги тосулган,тосмону бойлой бак- дарактар отургузулган. Мектепте ички,сырткы дааратканa,кол жуугучтары ( Аристон менен) талапка жооп берет. Буфетте таза суу, аристон орнотулган, кол жуугуч бар.Мектептин санитардык-гигиеналык абалы, коопсуздук эрежелеринин сакталышы талапка жооп берет. | мектепте шартынын түзүлүшү» (сүрөттөр)<br>4.2.2 «Биздин айылдын экологияга тийгизген таасири» долбоор<br>4.2.3 «Өрт коопсуздугун камсыздоо жөнүндө», «Техникалык коопсуздук, эмгектин корголушу жөнүндө» буйруктардын көчүрмөсү<br>4.2.4 «Эмгектин коргоого жооптууну дайындоо жөнүндө» буйруктун көчүрмөсү<br>4.2.5. «Эмгек шарттарында жумушчу орундарын текшерүү комиссиясын түзүү жөнүндө» буйруктун көчүрмөсү<br>4.2.6 Жашылдандыруу боюнча сүрөттөр<br>4.2.7 КР ӨКМнин райондук (Өзгөчө кырдаалдар) бөлүмүнөн акт<br>4.2.8 Антитеррордук паспорт<br>4.2.9 Аппараттык кеңешменин токтому,чечими<br>4.2.10 КР ӨКМнин райондук бөлүмү менен биргелешкен план<br>4.2.11 Сурамжылоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.3 | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу | ЮНИСЕФ Балдарды коргоо Эл аралык уюмунун «Save the Children» долбоорунун жардамы менен өспүрүм кыздардын гигиеналык- санитардык шарттарын жакшыртуу максатында администрацияга, мугалимдерге, өспүрүм курактагы окуучуларга бир нече жолу семинар- тренингдер, лекциялар өткөрүлгөн, методикалык колдонмо китепчелер берилип жана ички даараткана, кол жуугуч отнотулган (Арсистон). Кыргыз-Орус өнүктүрүү фонду тарабынан дагы ички даараткана, кол жуугуч жылуу суусу менен орнотулган.Ата-энелер, демөөрчүлөрдүн жардамы менен класс- кабинеттердин жасалгасы,спорттук инвентарлар,фортепиано,6 комуз,2 чопо чоор, 14% окуу китептери алынды.Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштери менен билим берүү процессин өстүрүүгө багытталган иштер системалуу жүрүп турат. Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштерин улантуу боюнча мектептин Стратегиялык пландын негизинде 2021-2022-жылдарда демөөрчүлөрдүн жардамы менен ар бир кабинетке жана коридорлорго видеокөрүүнү орноштуруу, акылдуу, интерактивдүү доскаларды, компьютерлерди, маркерлерди,географиялык карталарды сатып алуу; Материалдык техникалык базанын жакшыртууга стратегиялык пландоо иштери жүргүзүлүп турат. | 4.3.1.Стратегиялык өнүктүрүү планы<br>4.3.2 Алынган мүлктөрдүн мониторинги<br>4.3.3 Долбоорлор, демөөрчүлөр, ата-энелер менен иштөө боюнча сүрөттөр |
| **Күчтүү жактар:** | | Эл аралык уюмдар, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу уюму менен материалдык- техникалык база жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу иштеринин системалуу жүрүшү.Мугалимдердин өздүк компьютердик техникаларынын болгону.Экологиялык коопсудуктун, техникалык, өрт коопсуздугунун,энергияны үнөмдөө (лампалар), санитардык- гигиеналык ченем, талаптардын аткарылгандыгы,башталгыч класстарында тамактанууну уюштуруу иштеринин туура жүргөндүгү.Мектептин коопсудукту алдын алуу планын структуралар менен биргелешип түзүп иш алып баргандыгы.Демөөрчүлөр менен тыгыз байланыштын бардыгы.Стратегиялык өнүгүү планынын болгондугу. | |

| | | |
|---|---|---|
| **Алсыз жактар:** | Компьютер,акылдуу панел, интерактивдүү досканын, химия, физика предметтеринен лабораториялык прибор, идикаторлордун, класстарда интернет булактарынын жетишсиздиги.Спорт залдын тардыгы. | |

**3.Корутунду**

Туйту Каракеев атындагы орто мектебинин окууту процессиндеги билим берүү программаларынын жана окуу-методикалык каражаттар менен камсыздалышынын билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүүсүн,компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин туура,айкын -ачык баалоо,кадр саясатынын эффективдүүлүгүн жакшыртууга карата жүргүзүлгөн иштерин, материалдык-техникалык базаны чыңдоого багытталган ишмердүүлүгүн жана өзүн-өзү баалоо отчетун карап чыгып, комиссия төмөнкүдөй жыйынтыкка келди:

Мектептин өзүн-өзү баалоосунун негизинде комиссия ыйгарым укуктуу органга программалык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрайымы:____________ Кадырова М.М.-мектеп директору

Комиссиянын мүчөлөрү:____________ Абылкасым кызы Гүлүм-окуу бөлүмүнү башчысы

_____________ Абдыкадырова Н.Ж.- уюштуруучу

_____________ Зарылбек кызы Аксана- усулдук бирикменин жетекчиси

______________Усубалиева А.М.-ата-энелер комитетинин төрайымы